**УДК: 93/94**

**Жусубалиев Али**
**Ph.D., доцент, Ош мамлекеттик университети**
**alijusubaliev@gmail.com**

Жусубалиев Али
Ph.D., доцент, Ошский государственный университет
alijusubaliev@gmail.com

*Zhusubaliev Ali*
*Ph.D., Associate Professor, Osh State University*
*alijusubaliev@gmail.com*

**Кадыров Медербек**
**Ph.D., доцент, Ош мамлекеттик университети**
**mederbek83@gmail.com**

Кадыров Медербек
Ph.D., доцент, Ошский государственный университет
mederbek83@gmail.com

*Kadyrov Mederbek*
*Ph.D., Associate Professor, Osh State University*
*mederbek83@gmail.com*

# КАРАХАНИДДЕР ДООРУНДА ОРТО АЗИЯДА КООМДУК ЖАНА ДИНИЙ ЖАШОО

ОБЩЕСТВЕННАЯ И РЕЛИГИОЗНАЯ ЖИЗНЬ В СРЕДНЕЙ АЗИИ В КАРАХАНИДСКИЙ ПЕРИОД

*SOCIAL AND RELIGIOUS LIFE IN CENTRAL ASIA DURING THE KARAKHANID PERIOD*

# КАРАХАНИДДЕР ДООРУНДА ОРТО АЗИЯДА КООМДУК ЖАНА ДИНИЙ ЖАШОО

**Аннотация**

Бул илимий эмгекте Караханиддер мамлекети доорунда (840–1212-жж.) Орто Азиядагы коомдук жана диний жашоо ар тараптуу талданат. Изилдөөдө ислам дининин аймакка жайылуу процесси, анын ичинде Умаййаддар жана Аббасийлер доорлорунун таасири каралып, Караханиддер мезгилинде исламдын калктын калың катмарына кеңири тарагандыгы көрсөтүлөт. Ошондой эле намаз, жума жана айт намаздары, орозо, зекет, ажылык жана курмандык сыяктуу негизги ибадаттардын коомдогу орду жана аткарылыш деңгээли тарыхый булактар, географтардын эмгектери жана оозеки адабияттардын негизинде изилденет. Мындан тышкары, Орто Азиядагы соода-экономикалык жашоо, Улуу Жибек Жолунун ролу жана диний баалуулуктардын коомдук түзүлүшкө тийгизген таасири да каралат. Изилдөөнүн жыйынтыгында Караханиддер доорунда ислам дини коомдун руханий жана социалдык турмушунда негизги орунду ээлеп, элдин күнүмдүк жашоосуна терең сиңгендиги аныкталат.

***Ачкыч сөздөр:*** Караханиддер мамлекети, Орто Азия, ислам дини, диний жашоо, ибадаттар, Улуу Жибек жолу, ислам маданияты

---

***Общественная и религиозная жизнь в Средней Азии в караханидский период***

**Аннотация**

В данном исследовании рассматривается общественно-религиозная жизнь в Центральной Азии в период Караханидского государства (840–1212 гг.). Анализируется процесс распространения ислама в регионе, с особым вниманием к влиянию периодов Омейядов и Аббасидов. Показано, что в эпоху Караханидов ислам получил широкое распространение среди населения. Особое внимание уделяется выполнению основных религиозных предписаний, таких как пятикратная молитва, пятничная и праздничные молитвы, пост, закят, хадж и жертвоприношение. Исследование основано на исторических источниках, трудах географов и материалах устного народного творчества. Также рассматривается роль торговли, в частности Великого шелкового пути, в развитии религиозной и социальной жизни. В результате установлено, что ислам занял центральное место в духовной и общественной жизни общества в караханидский период.

***Ключевые слова:*** Караханидское государство, Центральная Азия, ислам, религиозная жизнь, религиозные практики, Великий шелковый путь, исламская культура

***Social and Religious Life in Central Asia During the Karakhanid Period***

**Abstract**

This study examines the socio-religious life in Central Asia during the period of the Karakhanid state (840–1212). The research analyzes the process of the spread of Islam in the region, particularly highlighting the influence of the Umayyad and Abbasid periods. It demonstrates that during the Karakhanid era, Islam became widely established among the general population. Special attention is given to the performance and social significance of the main Islamic practices, including the five daily prayers, Friday and Eid prayers, fasting, zakat, Hajj, and sacrificial rituals. The study is based on historical sources, works of geographers, and elements of oral literature. In addition, the paper explores the role of trade, especially the Silk Road, and its connection with religious and social development. The findings show that Islam became deeply integrated into both the spiritual and social life of society during the Karakhanid period.

***Keywords:*** Karakhanid State, Central Asia, Islam, religious life, religious practices, Silk Road, Islamic culture

**Киришүү**

**A. Караханиддер мамлекети доорунда коомдук-диний жашоо**

**Ыйман келтирүү**

Караханиддер мамлекетинин аймагында ислам дининин жайылуусу өзгөчө Умаййаддар (661-750) жана Аббасийлер халифалыктары (750-1258) доорлоруна туура келет. Аббасийлер халифалыгы учурунда Орто Азияда өкүм сүргөн Саманиддер мамлекети (875-999) жана Караханиддер мамлекеттери (840-1212) учурунда ислам элдин калың катмарына IX-X кылымдардан тартып массалык түрдө жайыла баштаган. Төмөндө биз мисалдар аркылуу ыйман келтирүүгө, ибадаттардын басымдуу түрдө кандай аткарылгандыгына бир-бирден токтолобуз.

893-жылы Талас шаарында Саманид башкаруучусу Исмайил Саманий тарабынан жеңилген Караханид өкүмдары Огулжак хан Кашгар шаарына барып жайгашкан. Ал эми Талас шаарынын эмири кол астындагы кызматкерлер менен бирге ислам динин кабыл кылышкан (893-жыл). Мамлекетти Кашгар шаарынан башкарган Огулжак келген соодагерлерге жакшы мамиле жасаган жана соодагелердин арасынан Наср ибн Мансурга Артуш шаарында бир мечит куруусуна да уруксат берген. Түрктөрдүн башкаруусу Базир Арслан хандын бир тууганы Огулжак Кадыр ханга өткөн болчу. Огулжак ислам элчилеринин сөздөрүнө кулак салбайт эле. Акырында Наср ибн Мансур агасынын жанына Кашгарга качат. Огулжак ага мусаапыр инсанга көрсөтүлүүчү сыйды көрсөттү. Ага «үйүңө келдиң үй-бүлөңүн арасына кирдиң. Бир тууганың сага зулумдук кыла турган болсо керектүү жакшылыкты көрсөтөм...» деди. Артуш аймагына аны аким кылып дайындады. Бухара жана Самарканддан Насрдын жанына кербендер келип кетишчү. Наср келген кербендеги товарларды жана кездемелердин баарысына жакынын сатып алып, Кадыр ханга сейрек нерселерди белек кылып көңүлүн алчу. Бул тууралуу «Кашгар тарыхы» эмгегинде мындай маалыматтар берилген:

«Автор мындай дейт (Кашгар тарыхынын автору): Бир коом мага алардын мусулман болгондуктары тууралуу төмөнкүлөрдү баяндайт: Каапыр (Огулжак) бул мезгилде адаттан сырткары жана диба кийимдерди кийип, татпаган шекерлүү таттууларды жечү. Ошентип Наср менен достук жана туугандык мамиле курат. Ага жакындашты. Мындан улам Наср андан бир өгүз териси каптай турганчалык өлчөмдөгү жердин өзүнө мечит курууга жана Аллага ибадат кыла турган бир жердин берилүүсүн сурайт. Ал да «каалаган жерден муну ал» деп жооп берди. Анын уруксаты менен Наср бир өгүз союп терисин кайыш кылды. Бул кайыш менен бүгүнкү Артуш жамиси деп аталган мечиттин жеринин айланасын айлантты. Огулжак анын бул аракетин көрүп таң калды. Бул Огулжак Сатуктун авасы болчу. Сатук он эки жашка чыкканда андан мурунку өкүмдардын балдарында болбогон абдан сонун, сымбаттуу, акылдуу, зээни таза, жакшы түшүнүктүү жигит болду. Бул учурда Бухарадан бир кербен келет. Сатук алардын алып келгендерин көрүү жана товарларынан салык алуу үчүн Артушка жөнөйт. Бул жердин акими болгон Наср ас-Самани аны жакшы тосуп алды жана сый урмат көрсөттү. Бешим убактысы болгондо мусулмандар намаз окуу үчүн ордуларынан турушат. Сатук али өзүнө берилген бакытты биле элек болчу. Намаз окугандарга алыстан карап турду. Намаздан кийин Наср ас-Саманийден эмне кылышкандыктарын сурады. Ал болсо «Бизге ар күнү жана түнү ушундай беш убакытта беш жолу намаз парз кылынган» деп жооп берди. Анда Сатук «Муну силерге ким парз кылды?» деп суроо узатты. Наср Аллахты кооз ысымдары жана улуу сапаттары менен түшүндүрө баштады. Исламдын парз жана сүннөттөрүн пайгамбарыбыздын тили менен айтып, Исламдын кооздуктарынан жана рываяттарынан баяндап берет. Ыр сап:

«Анын сүйүүсү махабатты тааныбастан мурда келди. Жүрөгүн бошогон абалда сезди. Ыйман дароо ал жайга жайгашты».

Наср буларды айтып берген соң, Сатук: «Мына Аллах ушул. Ал ибадат кылууга ылайыктуу зат. Бул пайгамбар канчалык туура айткан экен. Аны аткарууга канчалык ылайыктуу. Бул дин кандай гана кооз, кабыл кылынуусу кандай гана ылайыктуу» деди. Аллага жана Мухаммед пайгамбарга ыйман келтирди. Динди (исламды) кабыл алды. Кол астындагы кызматчыларына жана жанындагы адамдарга дароо ыйман келтирип мусулман болууларын буюрду. Баары дароо ыйман келтиришип мусулман болушту. Андан соң Наср ас-Саманий Сатуктан абасы Огулжактан бул маселени (мусулман болгонун) жашыруун кармоосун суранды. Сатук жашыруун түрдө Куран үйрөндү. Ыйман жана Исламдын негиздерин таанып билди. Исламдын шарыят эрежелерин түшүндү. Жашыруун түрдө туугандарынан бир тобун Ислам динине үндөдү. Алардан 50 инсан анын чакырыгын кабыл алышып, ага берилгендигин жана баш ийүүлөрүн билдиришти» (Şeşen, 2001, 209-210-беттер).

**Беш убакыт намаз**

Мусулман календары боюнча хижрадан (мусулмандардын Меккеден Мадинага көчүүсү) бир жарым жыл мурда, григориан календары боюнча 620-жылы 27-Ражаб айында беш убакыт намаз парз кылынган. Ушул убакыттан баштап мусулмандар күнүмдүк беш убакыт намаздарын окуп келе жатышат. Орто Азия аймагына мусулман араптардын келүүсү менен жергиликтүү калк да акырындык менен беш убакыт намаздарын аткарууга өтүшкөн. Өзгөчө Караханиддер мамлекети доорунда калктын калың катмары бул ибадатка чоң маани беришкен. Күнүгө беш убакыт намаз окууга маани берген кыргыздар муну «Намаз окуу», «Кулак кагуу» (Карасаев, 1982, 205-бет.) сыяктуу накыл сөздөр аркылуу белгилешкен. Өзгөчө накыл сөздөрдө жамаат намазынан мурда окулган кааматтын «Кат коомат салат» түрүндө да айтылаарын Карасаев белгилеп кетет. (Карасаев, 1987, 131-132-бет.) Манас эпосунда кыргыздардын жамаат түрүндө намаз окушкандыктары мындайча баяндалат:

«Ордунан туруп баарысы

Кырка тура калганы

Колу жетип кулакка

Колун боорго алганы.» (Орозбаков, С, 1995, I, 324-325-бет.)

Бул мезгилде саякат жасаган географтардын эмгектеринде Караханиддер мамлекетинин аймагындагы ар бир шаар жана кыштакта мечиттердин бул кызматтарда колдонулгандыгын көрүүгө болот. *«Фергана бул аймактын аты. Бул жер айылдарынын жана шаарларынын кеңдигине карабай жайгашкан амиллик (зекет, салык чогултулган аймак) эсептелет. Борбору Ахсикент. Бул шаар Шаш дарыясынын үстүңкү түз жерде курулган. Шаар менен тоолордун аралыгы 0,5 фарсах алыстыкта жайгашкан аймак. Шаар дарыянын түндүгүндө жайгашкан. Шаардын бир чеби бар. Шаардын айрыкча сырткы кварталдары да бар. Дарул-имара жана түрмө чептин ичинде, ал эми жамы мечити чептин сыртында жайгашкан. Айт намаз окулуучу жайы Шаш дарыясынын жээгинде орун алган. Базарлары шаардын ички бөлүгүндө да сырткы квартал бөлүгүндө да бар. Аны менен бирге базарлардын көбү шаардын ички тарабында орун алган. Чоңдугу үчтөн бир фарсах кенендикте. Имараттары топурактан жасалган. Сырткы кварталдын айланасы чеп менен курчалган. Ички шаардын бир нече дарбазалары бар. Алар төмөнкүлөр: Бабу Бужайр, Бабул-Мурилаш. Калгандары Касиу, Жума мечити жана Рахаба дарбазалары»* (Şeşen, 2001, 244-бет).

**Жума намаз**

Ислам тарыхында жума намазы 622-жылы сентябрь айында Мухаммед пайгамбар Меккеден Мадинага көчүп бараткан кезде, тактап айтканда Куба кыштагында бир нече күн туруп, ал жерде Куба мечитин салгандан кийин Мадинага баратканда парз кылынган. Бул учурда пайгамбардын жума күнү жолго чыгып, бешим убактысы киргенде, мусулман жамаатка Жума хутбасын айтып, жума намазын окуткандыгы маалым. Ал эми ислам дининин Орто Азияга жайылуусунан соң аймакта жашоочу элдер да акырындык менен жума мечиттерин салышып, жума намаздарын окуй башташкан. Төмөндөгү булакта Караханиддер мамлекети мезгилинде (840-1212) жума намазы окула турган мечиттердин чоң шаарларда салынары жана уруксат берилери баяндалат: *«Ошондуктан Бухарадагы эмирлер, султандын жанындагы адамдар жана анын көз караштарын чагылдырган инсандар Абу Ханифа мазхабын тутунушат. Биздин байкообузда Жума жана айт намаздары шарыят жазалары орундатылган чоң шаарда жайгашкан. Ал эми Бейкенттин калкы минбар курууга уруксат алганга чейин канчалаган кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүшкөн»* (Şeşen, 2001, 261-бет).

**Айт намаздары**

Орто Азияда Караханиддер мамлекети мезгилинде ислам аалымдары элдин калың катмарына ислам динин жеткирүүгө, айт күндөрү орозодо берилүүчү битир садакасы, курмандыктын маанилүүлүгү тууралуу баяндарды жасап, диний түшүнүктөрдү жайылтканга аракет жасашчу. Айт намаздары болсо, айт намаз окууга уруксат берилген чоң шаарларда гана окулчу. Бул тууралуу Караханиддер мезгилин сүрөттөгөн булактарда төмөнкүдөй маалыматты көрүүгө болот: *«Вахсун чоң бир шаар. Дубал жана сепили бар. Башка шаарлары да жогоруда баяндагандай эле. Бул аймакта ушунчалык чоң айылдар бар болуп, шаардын өзгөчөлүктөрүнөн жана уюмдарынан бир гана жами мечит кем. Мындан башка Бухарадагы эмирлер султандын жанындагы алдыңкы адамдар жана анын көз караштарын жактагандар Абу Ханифанын мазхабын тутунушат. Биздин пикирибизде Жума жана Айт намаздары шарыят эрежелери аткарылган чоң шаарда орун алган»* (Şeşen, 2001, 261-бет).

Караханиддер мамлекетинин аймагында дыйканчылык, багбанчылык менен кошо мал-чарбачылык дагы өнүккөн. Өзгөчө мал жандуу кыргыз калкы ислам динин кабыл алгандан кийин Курман айт күнү курмандык чалып, анын этинен бей-бечараларга, муктаждарга, коло-коңшу, тууган-уруктарына таркатып айтташкан. Тарыхчы Ибнул-Асир азыркы Чүй өрөөнүндө көчмөн турмушта жашаган жана жайда Булгарларга коңшу, ал эми кышта Баласагын аймагына көчүп келип жашоочу 10000 түрк урууларынан турган үй-бүлөлөрдүн, 1043- жылы курман айт майрамында 20000 кой союшуп, ислам динин кабыл алышкандыктарын белгилейт (İbnu'l-Esir, 1985, IX, 396-397-беттер).

**Орозо**

Караханид эли ислам динин кабыл алган соң алардын арасында орозо тутуу ибадаты да кенен аткарылган. Исламды кабыл кылган кыргыздар да исламдын бул парзына абдан маани беришип ар жылы Рамазан айы келген кезде орозо кармап, андан соң үч күн майрамдашкан. Бул түшүнүк «Отуз күндүк орозонун, үч күндүк айты бар»- деген макалы аркылуу муундан-муунга өтүп айтылып келген (Усупбеков, 1982, 201-бет). Ал эми орозо сөзү фарсча «руузе» сөзүнөн тилибизге кирген. Караханиддер мамлекети доорунда Куран китеби Караханий тилине которулуп, андагы диний терминдер да акырындык менен түрк элдеринин күнүмдүк

жашоосунан орун ала баштаган. Мисалы Ахзаб сүрөсүнүн 35-аятынын котормосуна карап, элдин орозо ибадатына чоң маани берип туткандыгына күбө болобуз: *«Рууза туткан эренлер, рууза туткан тишилер/орозо туткан эркектер, орозо туткан аялдар»* (Ata, 2019, 80-бет).

Мындан сырткары Караханиддер мамлекетинде жашаган кыргыздардын күнүмдүк жашоосунда колдонулган накыл сөздөрдө «Орозосун ачпай», «Ооз бекитүү» жана «Ооз ачуу» түрлөрүндө айтылган орозо ибадаты элдин калың катмарында аткарылып келе жаткан ибадаттардан бири экендигин көрсөтөт. (Карасаев, 1982, I, 257-258-бет.)

Атүгүл Рамазан айынын келгендигин эл арасында жар салып ырдап, бул айда орозо тутулуусу керектигин билдирген жарамазанчылардын жарамазан ырлары акырындык менен салтка айланып бүгүнкү күнгө дейре жандуу уланып келүүдө. Мисалы жарамазандарда он эки айда бир келген Рамазан орозосунун да кабыл болуусу үчүн төмөнкүдөй дуба кылынган:

«Ысмайыл пайгамбар, жарамазан!

Он эки айда бир келген орозо мейман,

Кабыл болсун орозоң тутканың жан.» (Абдырахманов, No: 462. 16, 19, 20, 22, 56-беттер.).

**Зекет**

Исламдын беш негизинин ичинен төртүнчүсү болгон зекет бай мусулмандардын мал-мүлкүнөн кедей-кембалагалдарга, жакырларга, жолоочуларга, карызга баткандарга, зекет жыйноочуларга, кулчулуктан азат кылынуучу инсандарга, Кудай жолунда күрөшкөндөргө, жүрөктөрү исламга ысындырылуучу инсандарга бөлүп берилүүчү ибадат болуп эсептелет. Ислам дини Орто Азияга жайыла баштаган алгачкы мезгилдерде негизги калк катмары, кайры диндер берүүчү хараж (жер салыгы) жана жизя (баш салыгы) салыктарын мамлекетке беришчү.

738-жылы Орто Азия аймагына губернатор болуп дайындалган Наср ибн Саййар бийликке келген (738-748) алгачкы күндөрүнөн баштап, исламдын коргоочусу болгонун жарыялап, бул жолдо эмне кылынуусу зарыл болсо, аны аткарууга аракет жасаган. Тарыхчы Табарий Насрдын бул жарыясын төмөнкүдөй баяндайт: *«Баарыңар жакшылап угуп алгыла! Мындан кийин мен мусулмандардын коргоочусумун, аларга ар кандай жакшылыкты жасайм. Алардын карыздарын төлөп кыйынчылыктарын (салыктарын) мушриктердин үстүнө жүктөйм. Ушуну да билгиле, мындан кийин буга чейин чечилген жана чогултулган салыктан ашыкча болгонун эч качан албайм. Силерге Мансур ибн Умар ибн Абул-Харканы бул жолдо жасалган зулумдуктарды ачыкка чыгаруу үчүн амил кылып дайындадым. Ага силерге карата адилеттүү болуусу үчүн буйруктарды бердим. Эгерде силерден мусулман болгон кайсы бир адамдан дале жизя жана хараж алынып жатса, а бирок ошол өлчөмдө салык мушриктерден алынбай жатса, мындай адамдар абалын Мансур ибн Умарга билдиришсин. Ал мындай салык адилетсиздиктерин түзөтөт, мусулмандардан алып, мушриктердин үстүнө жүктөйт».* (Табарий, жылы жок, VII, 173.)

Караханиддер доорунун алгачкы мезгилинде жашаган Ибн Хурдазбих (ө.ж. 300/912) Фергана өрөөнү жылдык салык катары 280.000 дирхем мамлекеттик казынага берип тургандыгын айтса, Макдисий (ө.ж. 388/998) болсо айрыкча Хоженд шаарынын да үшүр/зекет катары 100.000 мусаййабий дирхем мамлекетке салык берип тургандыгын белгилейт. Хоженддин бул мезгилде Фергана өрөөнүнө карагандыгы маалым болсо да, анын башка салыкчысы болгон. Макдисий башка кабарында Ферганынын жылдык салык катары 230.000

мухаммадий дирхем жана Хожендин 100.000 мусаййабий дирхем үшүр бергендиктерин маалымдайт. Бул өлчөм Ибн Хавкалдын эмгегинде мындан да көбүрөөк берилгендиги айтылат. Анын маалыматы боюнча Фергананын салык кирешеси 1.000.000 дирхемге дейре жеткен. Бул мезгилден кийинки доордо өрөөндө ислам дини толук түрдө жайылууга жетишкен. (Жусубалиев А, 2022, 102-бет.)

Караханиддер доорундагы бир эмгекте Орто Азия калкынын көбү зекет беришкендиги, бир гана Исфижаб аймагынын калкы гана кайры диндер берүүчү хараж салыгын берип турушкандыгы мындайча баяндалат: *«Исбижабка келе турган болсок, бул жер Бункестин үчтөн биринчелик болуп, шаар чеп жана сырткы кварталдарды ичине камтыйт. Чеби бузулган абалда, шаары менен сырткы кварталдары гүлдөгөн абалда. Ички шаардын айланасында бир коргону сырткы кварталдардын айласанында да бир коргону бар. Сырткы кварталдардын айланасындагы коргон 1 фарсах өлчөмүндөй узундукта. Сырткы кварталда суулар жана мөмө-жемиш бактары бар. Имараттары топурактан жасалган. Бул жер түз тегиздикте жайгашкан. Исбижаб менен эң жакынкы тоонун арасында 3 фарсахтай алыстык бар. Шаардын 4 дарбазасы бар. Булар Невежкес, Ферхад, Серакирисе жана Бухара дарбазалары. Базарлары шаардын ичинде да, шаардын сырткы кварталында да бар. Өкмөт үйү, түрмө жана мечит шаардын ичинде. Бул жер берекелүү жана бай шаар эсептелет. Бардык Хоросан жана Маверауннахрда Исбижабдан башка хараж белгиленген шаар жок.»* (Ибн Хавкал, 1939, 511-бет) Бул маалыматтардан Орто Азиянын негизги жашоочулары мусулман болушкандыктан алар зекет жана үшүрлөрүн гана беришкендигин айтууга толук негиз бар.

Манас эпосунда да кыргыздардын исламдагы негизги парздардан бири болгон зекеттерин беришкендиги мындайча баяндалат:

«Калкын динге салганы

Карк алтын, жанбы ак күмүш

Зекетке малын салганы

Серизабар, зүмүрүт

Эсептеп булун алганы.» (Манас СОВ, 1995, II, 192-бет; Radloff, 1995, 127-бет.)

Эпостогу маалыматтардан мусулман болгон кыргыз калкынан мамлекет тарабынан дайындалган атайын зекет жыйноочу (аамил) кызматкерлер, мал-мүлкү жана байлыгына жараша зекет жыйнап алышары белгиленген.

**Ажылык**

Исламдын бешинчи негизи ажылык болуп эсептелет. Ажылык, Арафатта белгилүү мөөнөткө тургандан кийин, Каъбаны усулуна ыңгайлуу зыярат кылуудан турган жана исламдын негиздеринен бирин түзгөн ибадат саналат. Мал-мүлк жана дене менен аткарылган ибадат болгон ажылык (Бакара сүрөсү 2/198.), кыргыз оозеки чыгармачылыгына да таасирин тийгизген. Кыргыз тилинде «ажы» түрүндө айтылган «хаж» ибадатынын сапарга күчү жеткен мусулмандарга парз болгондугу жана бул парздын Меккеге жасала турган зыярат аркылуу орундалаары «Көк кочкор» аттуу ырда эң сонун түрдө баяндалат:

«Өткөн эле ааламдан,

Пайгамбарзаада халилулла.

Меккетулла барсын деп,

Менден калган үммөтүм

Чоң сооп тапсын деп,

Меккетулла Мадина.

Баарыбызга парз экен,

Кырк теңгеге күч жетсе,

Курмандык кылуу эп экен.» (Абдырахманов, № 462, 94-бет.)

Накыл сөздөрдө да өз ордун тапкан ажылык ибадаты «Ажы бедел» (Карасаев, 1982, I, 123-бет.), жана буга байланыштуу «Замзам суусу» (Карасаев, 1982, I, 122-123-бет.) түрүндө муундан-муунга айтылып келет. Бирок кээде замзам суусу менен кавсар суусунун бири-бирине кээде алмаштырылып айтылгандыгына да күбө болобуз. Мисалы К. Акиев чыгармасында:

“Ажылыкка бардыңыз.

Абзы көвсар суусунан.

Ооз чайкап даарат алдыңыз.

Лаббайка деп чакырып.

Шайтандын туусун качырып.

Тирилей кепин кийдиңиз”- деп сүрөттөйт. ( Карасаев, 1982, I, 6-бет.)

Караханид өлкөсү Аравия жарым аралынан алыс жайгашкандыгына карабастан ажылык ибадатын аткаруу үчүн исламды кабыл алган түрк элдери анын ичинде кыргыздар аябагандай көп санда ажылык парзын аткарууга барышчу. Бул тууралуу мусулман тарыхчысы жана географы Ибн Хавкал (X кылым) өзүнүн чыгармасында мындайча баяндайт: *«Жашаган журттары алыс болгондугуна карабастан мол мал-мүлк, кенен даярдык менен көрүнүктүү деңгээлде ажылыкка эң мурда баргандар алар (түрк элдери) болушат. Чөлгө аларчалык деңгээлде көп санда ажылык тобу кирбейт. Аны менен бирге улууларына эң жакшы баш ийген, улууларына жана бири-бирине эң жакшы кызмат кылгандар алар болушат. Бул абал Аббасийлерден кээ бир халифаларды Мавераауннахр калкынан бир бөлүк инсандарды кызматтарына чакырууга түрткөн. Башка жоокерлерге караганда үстөм болгондуктары үчүн түрктөр алардын адамдары, дыйкандары (кыштактын алдыңкы инсандары, башкаруучулары, ири жер ээлери) болсо эмирлери болушту. Алардын жоокерлери күч-кубат, эр жүрөктүк, жоокердик өзгөчөлүктөрү жагынан башка жоокерлерге караганда жогору. Башкаруучулары да мавераауннахрдан болуп аларга аскер башчылык кылышчу. Халифалардын өзгөчө кызматчылары узак мөөнөт кызмат кылышкандыктары жана баш ийүүчүлүктөрү себептүү түрктөрдөн тандап алышчу»* (Ибн Хавкал, 1939, 468-бет).

**Б. Караханиддер доорунда коомдук-экономикалык жашоо**

Улуу Жибек Жолу Караханиддер мамлекети аймагында соода-сатыктын жана экономиканын өсүүсүнө салым кошкон. Мисалы Кыргызстандын аймагынан соода кербендери ар кайсы белгилүү шаарларды аралап өткөн. Мисалга Кудама ибн Жаъфар (ө.ж. 948) мындай Фергана өрөөнүн аралап өткөн соода жолдорунан бирин мындайча сүрөттөйт*:*

*«Ферганадан Куба шаарына дейре 10 фарсах, Кубадан чоң шаар болгон Ошко чейин 7 фарсах, ал жерден башкаруучу Күртегиндин шаары Өзгөнгө 7 фарсах, Өзгөндөн Акабага (ашууга) дейре бир күндүк жол. Бул жол Күртегинге караштуу бири-бирине уланып кеткен айыл-кыштактардын арасынан өтөт. Бул жол татаал жол болуп кар түшкөндө өтүү мүмкүн болбой калат. Акабадан Ат-Башыга чейин бир күндүк жол. Бул жол өйдө-төмөн болуп тоолордун арасынан өтөт. Ат-Башы -Тибет-Фергана-Нушжан арасында бийик жерде жайгашкан шаар эсептелет»* (Şeşen, 2001, 190-бет).

Мисалы Ош шаарындагы базар ислам дини жайылган кезде да өнүгүүсүн уланткан. Өрөөнгө батыштан келген соода жолдору түштүк-чыгышка карай бет алып Кубадан баштап Ураст шаарына, ал жерден Ошко, андан соң Куршаб жана Өзгөнгө дейре уланган. Ал жерден ары карай Кочыңгарбашы (Кочкор), Ат-Башы, Жамандалан жана Кашгарга чейин жетип, мында Кытайдан келген товарлар менен айырбашталган же андан ичкерки шаарларга чейин барылган.

Бул жөнүндө Ибн Хавкал мындай маалыматтарды берет: *«Фергана менен Түрк өлкөлөрүнүн арасында созулуп жаткан тоолордо атыр гүл, көк-кызгымтыл гүлдөр жана түрдүү гүлдөр менен бирге жүзүм, жаңгак, алма ж.б. мөмөлөр абдан көп. Булардын ээлери жок. Пайдаланууну каалагандарга да эч ким тоскоолдук кылбайт. Маверауннахр тоолорундагы ээсиз мистелердин окшошу башка жерлерде жок»* (Ибн Хавкал, 1939, 475-бет).

Жолдо отурукташкан айыл-кыштактар жана кербенсарайлар соодагерлердин кызматында болгон. Бул соода жолунан башка кичинекей соода жолдору да болгон Фергана өрөөнүндө ар бир шаар жана кыштакта соода жайлары (базарлар) болгон. Соода кербендеринде соодагерлер менен кошо кулдар, коргоочу кароолдор, кол өнөрчүлөр жана дин үгүтчүлөрү да болгон. Бул мезгилде өзгөчө X кылымда акчанын ордуна «чек» колдонулчу. Караханиддер доорунда (840-1212) 3 шаарда өндүрүлгөн кагаз жана дирхам (күмүш акча) акчалар соода ишинде колдонулган.

*«Бул тоонун арт тарабы Фергана өрөөнү менен чектешип турат. Илакта металдан да кагаздан да басып чыгара турган акча өндүрүш ишканасы бар. Эки түрдүү акчадан да көп өлчөмдө басылып чыгарылат. Маверауннахрдын шаарларынан акча өндүрүш ишканасы бир гана Бухара, Самаркант жана Илак шаарларында орун алган»* (Ибн Хавкал, 1939, 511-бет).

Ибадаттарды аткарып, сооп табуу маселесинде жарышкан элдин өкүмдарлары да ар бир мамлекеттик иште аалымдар менен кеңешип иш тутушкан. Караханид өкүмдарларынын жеке жашоолорунда да диндин орду чоң болгон. Алар диндин буйруктарын аткаруунун өкүмдарларга да парз экендигин билишкен. Ибнул Асирдин берген маалыматы боюнча Тафгач Хан Ибрахим, өзгөчө диндарлыгы менен таанылган адам эле. Укукчулар менен кеңешпей туруп эч качан акча албайт жана аалымдарга чоң урмат көрсөтчү. Мисалы такыба аалым болгон Абу Шужа ал-Алави бир күнү ага: *«Сен өкүмдар болууга ылайык эмессиң»-деген кезде, хан сарайдын эшиктерин жаап, тактыдан кетүүгө чечим кылган эле. Бирок шаар эли топтолуп аалымдын жаңылгандыгын, хандын калкы үчүн сарптаган убактысынын аалымдын сөздөрүн жокко чыгаргандыгын айтышып, өкүмдарды араң көндүрүшкөн»* (İbnu'l-Esir, 1985, IX, 234-бет).

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, Караханиддер мамлекети доорунда Орто Азия аймагында ислам дини кеңири жайылып, коомдук жана диний жашоонун негизги өзөгүнө айланган. Бул мезгилде калктын басымдуу бөлүгү исламды кабыл алып, анын негизги ибадаттарын – намаз, орозо, зекет, ажылык жана курмандык сыяктуу парздарын туруктуу түрдө аткара баштаган. Тарыхый булактар жана жазма эмгектер бул ибадаттардын массалык мүнөзгө ээ болгондугун далилдейт. Ошондой эле ислам дининин жайылышы соода-сатык, маданият жана коомдук түзүлүш менен тыгыз байланышта өнүккөн. Караханид өкүмдарларынын динге болгон урматы жана аалымдар менен тыгыз кызматташуусу диний баалуулуктардын бекемделишине чоң салым кошкон. Натыйжада, бул доор Орто Азиядагы ислам цивилизациясынын калыптанышында маанилүү этап болуп, кийинки муундарга терең руханий жана маданий мурас калтырган.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдимиталип уулу, Н. (2024). Карахандарда кыздарга коюлган ысымдар (Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүнүн мисалында). *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология,* (2(4), 1–13. https://doi.org/10.52754/16948874_2024_2(4)_1
2. Абдимиталип уулу, Н. (2022). Обычаи, связанные с рождением ребенка у средневековых караханидов и современных кыргызов. *Вестник Ошского государственного университета,* (3), 126–132. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_3_126
3. Абдырахманов. *Диний окуялар.* Кыргыз улуттук илимдер академиясы кол жазмалар фонду. № 462
4. Жусубалиев Али. (2022). *Орто Азияда ислам дининин жайылуу тарыхы (Фергана өрөөнү мисалында)*. Бишкек.
5. Ибн Хавкал. Абул-Касым ан-Насибий. (1939). *Китабу суратил арз I-II.* Лейден.
6. Карасаев, Х. (1982). *Накыл сөздөр. I.* Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы.
7. Карасаев, Х. (1987). *Накыл сөздөр. II*. Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы.
8. Орозбаков С. (1995). *Манас.* II. Бишкек. «Кыргызстан» басмасы.
9. *Табарий.* (жылы жок). *Тарихур-русул вал-мулук. VII*. Каир.
10. Усупбеков, Ш. (1982). *Кыргыз макал-лакаптары.* Фрунзе. «Кыргызстан» басмасы.
11. Ata, Aysu. (2019). *Karahanlı Türkçesinde İlk Kur’an Tercümesi (Rylands nüshası).* Анкара. Türk dil kurumu yayınları.
12. İbnu’l-Esir. (1985). *İslâm Tarihi el-Kamil fi’-t-Tarih Tercümesi.* IX. (çev. A. Ağırakça, A. Özaydın). İstanbul: Bahar yayınları.
13. *Manas Destanı.* (1995). (yay. Radloff. W. haz. Emine Gürsoy-Naskali) Ankara: Türksoy yayınları.
14. Şeşen, Ramazan. (2001). *İslam Coğrafyacılarına Göre Türkler ve Türk Ülkeleri***.** Ankara: Türk kültürünü araştırma enstitüsü.